# Бала күлкүсү

Күн нур чачып чыккандай,

Жаш баланын күлкүсү ай.

Кумарыңды таркаткан,

Менин балам күлчү ай.

Күлгүн балам күлө гой,

Турмушуң ду сүйө гой.

Жыргалы артык өлкөңдө,

Узак жашап жүрө гой.

Таңкы чолпон жылдыздай,

Жылмыңдаган эркетай.

Кыт-кыт күлсө куунаксың,

Күлкүсү бир жыргал ай.

Жаш баланын күлкүсү ай ,

Күлсө кумар таркабай.

Жанга жаккан күлкүсү,

Сүйүү менен шатка бай